№ 7502-ФХД/24 25.12.2024

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

# БУЙРУК

(Докторанттардын илимий темасын талкуулоо жана отчетторду санариптештирүү маселелери жөнүндө)

2024-жылдын 20-декабрындагы ОшМУнун Административдик кеңешиндеги № 11 протоколунун чечими менен «Докторанттардын илимий темасын талкуулоо жана отчетторду санариптештирүү маселелери жөнүндө» 2-маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевдин «Докторанттардын илимий темасын талкуулоо жана отчетторду санариптештирүү маселелери жөнүндө» маалыматы эске алынсын.
2. ОшМУга аспирантура, изденүүчүлүк, докторантураларга кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2024-жылдын 3-июлундагы Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн окуу процессин ишке ашыруунун шарттары тууралуу № 987/1 буйругунун негизинде жүргүзүлсүн.
3. ОшМУнун илимдеринин доктордук окумуштуулук даражасына изденүүчүлөрү бекитилген жеке иш планы боюнча жыл ичи аткарган иштеринин эсеп кысабын ар жылдын декабрь айынын биринчи декадасында илимий-техникалык кеңешине тапшыруу милдеттендирилсин. Көзөмөлдө аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге жүктөлсүн.
4. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 1 протоколу менен бекитилген «2023-2026-окуу жылдарга ОшМУнун стратегиялык приоритеттери» № 4309-ФХД/23 буйругун аткаруу максаттында ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн ишмердүүлүгүн толук VI. Санариптештирүү приоритин ишке ашыруу аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге милдеттендирилсин.
5. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө илимий иштер жана инновациялар боюнча проректор Э. А. Эшаровго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысынын маалыматы, окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021